MAKTABGACHA VA MAKTAB TA'LIM VAZIRLIGI

MARKAZI

## 2023-2024-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН 9-КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН

# Өзбекстан тарыхы

## ПРЕДМЕТИНЕН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ АТТЕСТАЦИЯСЫН ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШ ЖАНА МАТЕРИАЛДАР



2023-2024-окуу жылында жалпы билим берүүчү мектептердин 9-класс окуучулары үчүн **Өзбекстан тарыхы** предметинен жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүү боюнча методикалык сунуш жана материалдар

## 2023-2024-окуу жылында жалпы билим берүүчү мектептердин 9-класс окуучулары үчүн жыйынтыктоочу текшерүү экзаменин өткөрүү боюнча Өзбекстан тарыхы предметинен спецификациясы

**Түзүүчүлөр:** «Өзбекстан Республикасы Мектепке чейинки жана мектеп билим берүү министрлиги карамагындагы адистештирилген билим берүү агенттиги тизиминдеги Мухаммад Ал-Харезмий атындагы адистештирилген мектеп» Тарых предмети мугалими**.**Абдужалилова Нигора Абдусаттаровна

**Эксперттер:** Жогору категориялуу тарых жана укук негиздерипредмети мугалими Дехканов Гайрат Рузиматович

9- классты бүтүргөн окуучулар Өзбекстан тарыхы предметинен билим берүү программасы боюнча белгилүү даражадагы компетенцияларга ээ болушат.

Окуучулардын алган билим, билгичтик жана көндүмдөрүн аныктоо үчүн 2023-2024-окуу жылында 9-класстарда жыйынтыктоочу экзамен жазма түрүндө өткөрүлөт.

Ар бир экзамен билетинин суроо жана тапшырмалары Өзбекстан тарыхы предмети боюнча жалпы билим берүүчү 6-7-8-9-класстар темаларын өз ичине алган. Ошондой эле сунуш кылынган материалдар билүү үчүн суроолор, колдоого жана талкуулоого тиешелүү тапшырмалар боюнча баалоо критерийлери келтирилген.

Ар бир окуучу бирден билет тандап алат. Билетте окуучуга 5 суроо берилет. 2 суроо билүүгө, 2 суроо колдоого, 1 суроо талкуулоого тиешелүү болот.Талкуулоого тиешелүү суроого жооп оозеки тапшырылат.Окуучулардын суроолорго жооп бериши үчүн 120 мүнөт убакыт берилет.

Окуучулардын оозеки жана жазма иштери 100 баллдык тизим негизинде:

0 – 29% – “жаман”;
30–65% – “орто”;
66–85% – “жакшы”;
86–100% – “эң жакшы”

баа сыяктуу бааланат. Ар бир тапшырма үчүн белгиленген баллдан жогору балл коюлушуна жол коюлбайт.

Берилген тапшырмалардан жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы өткөрүлүшү белгиленген күндөн бир күн мурда, ишчи топ тарабынан кура таштоо жолу менен 2 вариант түзүлүп, жарыя кылынат.

| Өзбекстан тарыхы | Саны | Билүү | Колдоо | Талкуулоо |
|---|---|---|---|---|
| Байыркы дүйнө тарыхында Орто Азия. | | 1 | | |
| Орто кылымдар тарыхы IV кылымдан XVI кылымга чейин. | | 1 | | |
| „Үч кандыктар доору “XVI кылымдан XIX кылым ортолоруна чейин | | | 1 | |
| XIX кылымдын II жарымы жана XX кылым баштарына чейин | | | 1 | 1 |
| Жалпы | **5** | **2** | **2** | **1** |

## Тапшырма боюнча баалоо критерийлери

| № | Бөлүм аты | | Тапшырма түрү | Тапшырма формасы | Баалоо критерийси |
|---|---|---|---|---|---|
| **Байыркы дүйнө тарыхында Орто Азия** | | | | | |
| 1. | Байыркы чыгыш жана Орто Азия. Б.з.ч. VI – Б.з.ч III кылымларда Орто Азия. | Б | Кыска жооптуу | Жооп:__________ | Суроонун жообу жазыла турган болуп, туура жооп үчүн **18 балл** менен бааланат. Ката жооп үчүн **0** балл берилет. |
| **Орто кылымдар тарыхы IV кылымдан XVI кылымга чейин** | | | | | |
| 2. | Араб халифаттыгы доорунда Моварауаннахр.<br><br>Моварауаннахрда эгемендүү мамлекеттердин түзүлүшү. Ата-бабаларыбыздын илимий мурасы, адабиятка тиешелүү руханий казына. Амир Темур доор тарыхы. | Б | Кыска жооптуу | Жооп:__________ | Суроонун жообу жазыла турган болуп, туура жооп үчүн **18 балл** менен бааланат. Ката жооп үчүн **0** балл берилет. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| „Үч кандыктар доору "XVI кылымдан XIX кылым ортолоруна чейин | | | | | |
| 3. | XV кылымдын аягы-XVI кылымдын баштарында Моварауаннахр жана Курасандагы саясий абал<br><br>Бухара хандыгы жана Бухара амирлиги. Хива хандыгы. XVIII-XIX кылымдын биринчи жарымында Кокон хандыгы. | К | Жадыбалдуу тест | Дал келтирүү | Жадыбал көрүнүшүндөгү тапшырмада, ар бир суроого анын жообун дал келтирүү керек болот.4 суроо жана 4 төн көп жооп варианттары берилет. Дал келгендердин баарын туура жооп үчүн - **21 балл** берилет. Ката жооптор үчүн **0 балл** берилет. |
| XIX кылымдын II жарымы жана XX кылым баштарына чейин | | | | | |
| 4. | XIX кылым ортолорунда Өзбек хандыктарынын саясий, экономикалык жана маданй турмушу.<br>Россия империясынын Орто Азияны басып алышы.<br>Россия империясынын Түркстан колониялык саясаты. | К | Карта | Картада белгиленген аймак | Картада белгиленген аймакты аныктап берилген тапшырма аткарылса<br>– **21 балл.** Аймак аныкталса, бирок тапшырма аткарылбаса – **10 балл.** Ката жооптор үчүн **0 балл** берилет. |
| 5. | XIX кылым аягында Түркстандагы улуттук-боштондук кыймылдары.<br>XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылым баштарында Каракалпактар. жадидчилик кыймылы жана | Т | Тарыхый окуя жөнүндө өз алдында пикир билдирүү | Оозеки | - Жыл жана күндөрдү биле алса- **3 балл;**<br>Суроонун маанисин, ал менен байланыштуу проблемаларды түшүнүү жана процессти бүгүнкү күнгө байланыштыра алса– **5 балл;**<br>-Карта менен иштей алса– **4 балл;**<br>- темага сындыккараш |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | анын Түркстан социал-саясий жана маданий турмуштагы мааниси. Түркстан жана биринчи дүйнөлүк согуш.XIX кылым аягы – XX кылым баштарында Бухара амирлиги жана Хива хандыгы. Колония шартында Түркстанда маданий турмуш. | | | | жана анализдөө менен баа бере алса – **5 балл;**<br>-Экзамен алуучу тарабынан берилген темага байланыштуу кошумча суроолорго жооп бере алса– **5 балл**<br>**22 балл** |

# 2023-2024-окуу жылында жалпы билим берүүчү мектептердин 9-класс окуучулары үчүн жыйынтыктоочу текшерүү экзамен суроолору.

## 1- суроо.БИЛҮҮ (18 балл) 6-класс. Байыркы дүйнө тарыхы.

1. Б.з.ч. VII-VI кылымдарда Өзбекстан ошондой эле кошуна аймактарда кайсы уруулар жашаган? (Билүү-18 балл)
Жооп:______________________________________________________________

2. Орто Азия аймагында Б.з.ч. VII асрда кайсы байыркы мамлекеттер түзүлгөн? (Билүү-18 балл) Мавараunnахр сөзүнүн мааниси эмне? (Билүү-18 балл)
Жооп:______________________________________________________________

3. «Пайгамбар»  сөзүнүн кандай маанини билдирет? (Билүү-18 балл)

Жооп:

4.Ким бизге бүгүнкү күндө зардуштийлердин улуу китеби «Авесто»  тексттери менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн берген? (Билүү-18 балл)

Жооп:

5.Зардуштийлердин кайсы кудайлары   сый-урматка ээ болгон?
(Билүү-18 балл)

Жооп:

6.Зардуштийлер өмүрүнүн түпкү мааниси эмнелер болуп саналат? (Билүү-18 балл)

Жооп:

7.Доро I  өкүмдарлыгынын биринчи жылында каерде жана ким жетекчилигинде ири төңкөрүшү чыгарылган? (Билүү-18 балл)

Жооп:

8.Орто Азия жерлерин басып алуу үчүн  Алексадр  дээрлик үч жыл урунуп, кайсы аймактарды  багындырууга жетишти? (Билүү-18 балл)

Жооп:

9.Кушон мамлекетине качан жана ким негиз салган? (Билүү-18 балл)

Жооп:

10.Улуу Жибек Жолу 12 миң километрге чейин узундукта болуп, ал кайсы аймактарга чейин болгон? (Билүү-18 балл)

Жооп:

## 2- суроо.БИЛҮҮ (18 балл) 7-класс. Өзбекстан тарыхы.

1. Моварауннахр сөзүнүн мааниси эмне?(Билүү -18 балл)

Жооп:

2. VIII кылым баштарында Араб халифатттыгынын Моварауннахр аймагын басып алууда ким аскердик жүрүшкө башчылык кылган? (Билүү-18 балл)

Ж: ________________________________________________

3. Арабдар халифаттыгы тарабынан басып алынган аймактарда кандай салыктар чыгарылган? (Билүү-18 балл)

Жооп:

4. "Ак кийимдер" төңкөрүшү канчанчы жылдарда жана кимдин жетекчилигинде чыгарылган? (Билүү-18 балл)

Жооп:

5. Ким 900-жылда бүткүл Мавараyннахр жана Курасанды өз кол астына бириктирип, Бухара шаарын бул эки мамлекеттин борборуна айландырган? (Билүү-8 балл)

Жооп:

6. Эмне үчүн Херезмшах Султан Алавуддин Мухаммад "Искандари Соний" аты менен даңкталган? (Билүү-18 балл)

Жооп:

7.Кимдин өтүнүч менен “Же Мекен, же улуу өлүм” деп айткан сөзү менен ар бир маале, көчөлөр, мечит-медресе жана ар бир үй күрөш жайына айланган? (Билүү-18 балл)

Жооп:

8. Чыгатай улусуна кайсы аймактар кирген? (Билүү-18 балл)

Жооп:

9.Кимдер IX-XII кылымдарда илим-билимди өнүктүрүүгө чоң үлүш кошушкан? (Билүү-18 балл)

Жооп:

10. Тарыхда “Ылай салгылашуусу” аты менен атагы чыккан салгылашуу качан жана кимдер ортосунда болгон? (Билүү-18 балл)

Жооп:

**3-суроо КОЛДОО (21 балл) Жадыбалдуу тест, дал келтирүү. 8-класс Өзбекстан Тарыхы.**

**.**

**(1суроого бир канча жооп варианттары дал келиши мүмкүн)**

1.Ушул өкүмдарларды алар жөнүндөгү маалыматтар менен дал келтиргиле. (Колдоо-21 балл)

1) Хусаин Байкара

2) Захиридин Мухаммад Бабур

3) Мухаммад Шайбанийхан

a) Анын доорунда мамлекеттин чарбачылык жана маданий турмушу бир кыйла көтөрүлдү.

b) Мавараунnахрда жаңы өзбек мамлекетине негиз салган

c) Анын тилеги Амир Темур салтанатынын болбору болгон Самарканд тактын ээлөө болгон.

d) Курасан тактын ээлеген.

e) Анын негизги максаты Темурийлер салтанатына бүтүндөй түгөтүү болгон.

f) 1500- жылдын күзүндө Самаркандга жүрүү баштаган.

| 1) | 2) | 3) |
|---|---|---|
| | | |

2. Бухара хандарынын ишке ашырган реформалары менен дал келтиргиле .

(Колдоо-21 балл)

1) Убайдуллахан

2) Абдуллахан II

3) Мухаммад Шайбанийхан

a) Хандык экономикасын тартипке салуу жана сооданы өнүктүрүү максатында акча реформасын өткөргөн.

b) Мир Арабга арнап, 1533-1536- жылдары Бухарада анын аты менен атактуу медресе курдурган.

c)Хандык борборун Самарканддан Бухарага көчүрткөн.

d)Аскердик тилкеде реформа өткөргөн.

e) Акча реформасына көрө жаңы күмүш теңге 30, эскиси 27 жез теңгеге теңдештирилген.

f) Реформага чейин мамиледе болгон түрдүү өлчөм жана оордуктагы теңгелер салмагы бирдей-5.2 граммдуу жаңы күмүш жез теңге соктурулган.

| 1) | 2) | 3) |
| --- | --- | --- |
| | | |

3.Бухара хандыгындагы мамлекет кызматтарына жүктөтүлгөн милдеттери менен дал келтиргиле (Колдоо-21 балл)

1) Деванбеги

2) Парваначы

3) Датхах

4) Мехтар

a) Мамлекетте акыйкат критерийлерине амал кылууну көзөмөлдөп барган.

b)Мамлекеттин каржылык жана чарбачылык иштерин башкарган

c) Мамлекет коргонуусу, амирдин жакындары, достору,душмандары жөнүндө маалыматтар топтогон.

d) Аткаруучу бийликке жетекчилик кылган.

e)Хан буйруктарын, расмий дакументтерин жооптуу адамдарга, аткаруучуларга жеткирген.

f) Даргахка түшкөн арыздарды кабыл кылган жана аларга жооп кайтарган.

g) Зекет жана башка түшүмдөрдүн зарыл орундарда иштетилишин көзөмөлдөгөн.

| 1) | 2) | 3) |
| --- | --- | --- |
| | | |

4. Хива хандыгында иш жүргүткөн тарыхчы окумуштуулардын жазган атактуу чыгармалары менен дал келтиргиле. (Колдоо-21 балл)

1) Огахий

2) Абулгазы Бахадырхан

a) “Эң көркөм тарых”

b) „Фридавс ул-икбол“ („Бейиш багы“)

c) „Мамлекеттер гүл багы“

d) „Шажараи түрк жана монгол“

3) Мунис

e) „Мамлекеттин бейиш багы“

| 1) | 2) | 3) |
|---|---|---|
| | | |

5. Ушул өкүмдарларды саясий иштери менен байланыштуу маалыматтарды дал келтиргиле. (Колдоо-21 балл)

1) Аллакулихан

2) Мухаммад Рахимхан I

3) Абулгазы Бахадырхан

a) «Шажараи түрк» чыгармасын жазган.

) Бухарага каршы согушта дүйнөдөн кайткан.

c)Гандимиён келишимине кол койгон.

d)Хива шаары коргонуу дубалы менен оролгон.

e) Хива хандыгын саясий жактан бириктирүүгө киришкен.

| 1) | 2) | 3) |
|---|---|---|
| | | |

6.Хива хандыгындагы салык жана милдеттер жөнүндөгү маалыматтарды дал келтиргиле. (Колдоо-21 балл)

1) Салгут

2)Зекет

3) Барат

4) Бегар

a) Хива хандыгындагы жер салыгы

b) 12 күндүк мамлекет милдеттүү болуп,айылдын ар бир үйдөн бир кишиден адам тартуу.

c) Согуш мезгилинде элден алынган.

d) Кол өнөрчүлөр, тышкы соода менен алектенүүчү соодагерлер, чарбачылар төлөгөн.

e) Хива хандыгындагы негизги салык түрү.

f) Жылдын башында эле же бир нече жылдык салык алдындан өндүрүлүшү.

| 1) | 2) | 3) | 4) |
|---|---|---|---|
| | | | |

7. Каракалпак адабияты өкүлдөрү жазган чыгармалары менен дал келтиргиле. (Колдоо-21 балл)

1) Жиен Жиров

2) Ажинияз

3) Бердак

4) Кункожо Ибрахым

a) ,,Керек“, ,,Болот“, ,,Болбосо", ,, Жакшы ,, Жигиттер“

b) ,,Болгон эмес“, ,,Өмүрүм“ жана ,,Салык“ ,,Уулума“, ,,Акмак болбо“

c) ,,Эй, жигиттер, жигиттер“

d) “Ажинияз ”

e) ,,Алпамыш", ,,Кырккыз"

f) “Орокчулар”, ,,Чопондор", ,,Эл менен“

| 1) | 2) | 3) | 4) |
|---|---|---|---|
| | | | |

8. Кокон хандыгына өкүмдарларды алар жөнүндөгү маалыматтар менен дал келтиргиле. (Колдоо-21 балл)

1) Норботобий

2) Алымхан

3) Умархан

a) Акча согуу аркылуу өзүнүн өкүмдардык позициясын тастыктаган.

b) Өзүнөн нааразы болгон шаазадаларды түрдүү вилаят жана тумандар акими этип дайындады. Ушул жол менен терс күчтөрдүн каршылыгы төмөндөгөн.

c) Анын доорунда Кокон хандыгы Амир Насрулла тарабынан басып алынган

d)Анын доорунда Осмон мамлекети султаны Кокон хандыгынын Бухара амирлигинен толук түрдө эгемендүү мамлекет экендигин тан алды.

4) Мухаммад Алихан(Мадалихан)

e) Кедейлер ана каландарларга жер, ошондой эле чарба малдары берип, аларды эмгекке тарткан.

f) Кокон хандарынан биринчи болуп,хандыктын фалс деп аталган өз акчасын соктурган.

| 1) | 2) | 3) | 4) |
|---|---|---|---|
| | | | |

9. Кокон хандыгындагы мамлекет кызматтарына жүктөтүлгөн милдеттери менен дал келтиргиле. (Колдоо-21 балл)

1) Кушбеги

2) Мырза

3) Миңбаш

4) Деванбеги

a) Башкы вазир,кошуундун Башкы аскер башчысы жана тышкы саясий маселелерде хандын башкы кеңешчиси болгон.

b) Хандын жашыруун кеңешчиси, атайын тапшырмаларды аткаруучу, зарыл болгондо элчи кылып жөнөткөн.

c) Хандык деванханада жетекчилик кылган, ошондой эле каржылык иштерин башкарган.

d) Казынага түшкөн түшүмдүн эсебин алып барган.

e) Өз кошуунуна ээ бектик акими

f) Хандык коопсуздук кызматын башкарган.

| 1) | 2) | 3) | 4) |
|---|---|---|---|
| | | | |

10. Кокон хандыгында салыктар жана алар жөнүндөгү маалыматтарды дал келтиргиле. (Колдоо-21 балл)

1) Хираж

2) Карабашы

3) Түтүн акы

4) Жыйым салык

a) Көчмөнчү чарбачылардан мал башына жана короосуна карап алынуучу зекет.

b) Зекет төлөбөй тургандардын бекке бере турган 9 буюмдан турган белектери болгон.

c) Жаз келгенде жаңы жайлоолорго көчүүдөн мурда үй башына бирден кой менен алынуучу салык.

d) Жылдын башында эле же бир нече жылдык салык алдындан өндүрүлүшү.

e) Негизги салык болуп, анын саны эгин эгилүүчү жер аянты жана эгин түрүнө карап түшүмдүн 1/3-1/5 бөлүгү тең болгон.

f) Бу зекет кышта малдар короолордо турганында жыйып алынган.

| 1) | 2) | 3) | 4) |
|---|---|---|---|
| | | | |

**4-суроо КОЛДОО (21 балл) Карта менен иштөө. 9-класс Өзбекстан тарыхы.**

1. XIX кылым ортолоруна тиешелүү карта негизинде Бухара амирлиги аймагы, чектеш мамлекеттери жана калкы жөнүндө маалымат бергиле.(Колдоо -21балл )



*Жооп:*

____________________________________________________________

2. XIX кылым ортолоруна тиешелүү карта негизинде Хива хандыгы аймагы, чектеш мамлекеттери жана калкы жөнүндө маалымат бергиле. (Колдоо-21 балл)



Жооп:

3. XIX кылым ортолоруна тиешелүү карта негизинде Кокон хандыгы аймагы, чектеш мамлекеттери жана калкы жөнүндө маалымат бергиле. (Колдоо-21)



Жооп:

4. Россия империясынын Орто Азияны басып алуу процессин төмөнкү карта аркылуу түшүндүргүлө. (Колдоо-21 балл)




Жооп:

5. Төмөнкү карта негизинде Түркстан генерал губернеторлугу вилаяттары жөнүндө маалымат бергиле. (Колдоо-21 балл)




Жооп:

6. Картадагы шаарды аныктап, ал жөнүндөгү маалыматты бергиле.(Колдоо-21)



Жооп:

7. Төмөнкү карта негизинде Россия империясынын Хива хандыгына каршы аскердик жүрүштөрү жана анын натыйжасында басып алган аймактары жөнүндө маалымат бергиле. (Колдоо-21 балл)




Жооп:

1. 8. Карта негизинде төмөнкү жылдарда  Россия империясы тарабынан  басып алынган  аймактар жөнүндө маалымат бергиле. (Колдоо-21  балл)



1. 1847-1865-жылдарда

2. 1865-1868- жылдарда

3. 1873-1879- жылдарда

4. 1880-1885- жылдарда

9. Карта негизинде Түркстан генерал-губернеторлугунун админстративдик түзүлүшүн түшүндүргүлө.(Колдоо-21)




Жооп:

10. Картада сандар менен белгиленген Түркстан генерал-губернеторунун чектеш мамлекеттерди аныктап, мамлекеттер арасындагы мамилелерди түшүндүргүлө.




Жооп:

## 5 –су роо. ТАЛКУУЛОО ( 22 балл) 9-класс Өзбекстан тарыхы

1. Улуттук-боштондук кыймылдардын башталышына эмнелер себеп болгон, эмне кылынганда мындай аракеттердин алды алынган болот эле? (Талкуулоо-22 балл)

2. Эмне деп ойлойсуң, эмнелерди аткарганда “Холера козголоңу”алды алынган болот эле? (Талкуулоо-22 балл)

3. Сениңче, Андижан көтөрүлүшү эмне үчүн жеңилүүгө учурады? (Талкуулоо-22 балл)

4. Эмне себептен XIX кылым аягы – XX кылым баштарында Каракалпактарда элдик төңкөрүштөрү болгон? (Талкуулоо-22 балл)

5. Сениңче, Орто Азияда жадидчилик кыймылынын келип чыгышында эмнелер себеп болгон жана алар кандай шарттарда иш алып барууга мажбур болушкан? (Талкуулоо-22 балл)

6. Сениңче, Жиззах төңкөрүшү эмне себептен жеңилүүгө учураган?
(Талкуулоо-22 балл)

7.Эмне деп ойлойсуң, эмне кылынганда Бухара амирлиги кулабаган болот эле? (Талкуулоо-22 балл)

8. Жаш бухаралыктардын ишиндеги оң жана терс тараптарын анализдегиле. ((Талкуулоо-22 балл)

9. Сениңче, Хива хандыгын түгөтүлүшүнөн кандай сактап калуу мүмкүн эле? (Талкуулоо-22 балл)

10.Эмне деп ойлойсуң, Орто Азияда маданий турмуштун өнүгүшүнө жадидчилердин орду кандай болгон? (Талкуулоо-22 балл)